«БЕКИТЕМИН»
Ош мамлекеттик университетинин илимий иштер жана инновациялар боюнча проректору, ф.-м.и.к., доцент
_________ Арапбаев Р. Н.
«18» июнь 2024 ж.

## Ош мамлекеттик университетинин медицина факультетинин Коомдук саламаттыкты сактоо кафедрасы, Жалпы хирургия кафедрасы, Эпидемиология, микробиология, жугуштуу оорулар курсу менен кафедрасы, Ички оорулар проподевтикасы жана факультеттик терапия кафедраларынын кафедра аралык отурумдун

## №31 ПРОТОКОЛУ

*Ош шаары* *18-июнь 2024-жыл.*

Ош мамлекеттик университетинин медицина факультетинин коомдук саламаттыкты сактоо кафедрасынын илим изденүүчүсү Исраилова Дарыгул Кубанычбековнанын 14.02.03 – коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо адистиги боюнча медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **«Жалпы үй-бүлөлүк дарыгерлер практикасында терапиялык жардам берүүнү уюштуруудагы көйгөйлүү маселелер (Кыргыз Республикасынын түштүк аймагынын мисалында)»** деген темадагы диссертациялык ишинин апробациясы.

**ТӨРАГА:** Муратов А. А. ОшМУнун медицина факультетинин жалпы хирургия кафедрасынын башчысы, медицина илимдеринин доктору, профессор

**КАТЧЫ:** Аринбаев Б. С. ОшМУнун медицина факультетинин коомдук саламаттыкты сактоо кафедрасынын улук окутуучусу

**КАТЫШКАНДАР:**

| № | Ф.А.А. | Илимий даражасы, адистиги боюнча шифры |
|---|---|---|
| 1. | Муратов Абдижалил Абдыразакович | м.и.д., профессор, 14.02.03 – коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо |
| 2. | Маметов Равшан Райимбердиевич | м.и.д., профессор, 14.02.03 – коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо |
| 3. | Шамшиев Абдилатип Абдрахманович. | м.и.д., 14.02.03 – коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо |
| 4. | Муйдинов Фазлидин Фаезидинович | м.и.к., доцент, 14.02.02 – эпидемиология |

| | | |
|---|---|---|
| 5. | Жолдошев Сапарбай Тезекбаевич | м.и.д., профессор, 14.01.09 – инфекциялык оорулар, 14.02.02 – эпидемиология |
| 6. | Истамов Кылычбек Төлөгөнович | м.и.к., доцент, 14.01.17 – хирургия, 14.01.16 – фтизиатрия |
| 7. | Алдашукуров Ырысбек Абдыжапарович | м.и.к., 14.03.03 – патологиялык физиология |
| 8. | Айтиева Шарипа Жалаловна | с.и.к., доцент, 23.00.02 – политикалык институттар, процесстер жана технологиялар |
| 9. | Сейдалиева Мира Кошмаматовна | ф.и.к., доцент, 09.00.11 – социалдык философия |
| 10. | Бекешова Элиза Насирдиновна | м.и.к., 14.02.03 – коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо |
| 11. | Мамаджанов Алишер | м.и.к., 14.02.02 – эпидемиология |
| 12. | Туташева Айнура Токтомаматовна | улук окутуучу |
| 13. | Аринбаев Бекболот Сапарбекович | улук окутуучу |
| 14. | Абдыкаарова Айпери Садирдиновна | окутуучу |
| 15. | Гайназарова Рахимахон Гайназаровна | окутуучу |
| 16. | Дурусбеков Асан Дурусбекович | окутуучу |
| 17. | Шарипов Жума Маратович | окутуучу |
| 18. | Табалдыев Алымбек Табалдыевич | окутуучу |
| 19. | Байышбек уулу Тынчтык | окутуучу |
| 20. | Ибрайим у Мунар | окутуучу |
| 21. | Кубанычова Асель Кубанычовна | окутуучу |

Жалпысынан кафедралар аралык отурумда 21 адам катышты.

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. ОшМУнун медицина факультетинин коомдук саламаттыкты сактоо кафедрасынын илим изденүүчүсү Исраилова Дарыгул Кубанычбековнанын 14.02.03 – коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо адистиги боюнча медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн "Жалпы үй-бүлөлүк дарыгерлер практикасында терапиялык жардам берүүнү уюштуруудагы көйгөйлүү маселелер (Кыргыз Республикасынын түштүк аймагынын мисалында)" деген темадагы диссертациялык ишин талкуулоо.

2. Изденүүчү Исраилова Дарыгул Кубанычбековнанын медицина илимдеринин 14.02.03 – коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо адистиги боюнча "Жалпы үй-бүлөлүк дарыгерлер практикасында терапиялык жардам берүүнү уюштуруудагы көйгөйлүү маселелер (Кыргыз Республикасынын түштүк аймагынын мисалында)" деген темадагы диссертациялык иштин негизинде кандидаттык экзамен тапшыруу үчүн кошумча программасын кароо (тиркелет).

**Төрага, жалпы хирургия кафедрасынын башчысы, м.и.д., профессор Муратов А. А.** катышуучуларды күн тартиби менен тааныштырып, илимий жетекчи жана сын-пикирчилер менен тааныштырды.

**Илимий жетекчиси:** медицина илимдеринин доктору, Шамшиев Абдилатип Абдырахманович.

**СЫН-ПИКИРЧИЛЕР:**

1. Маметов Р. Р. – ОшМУнун медицина факультетинин педиатрия № 2 кафедрасынын башчысы, м.и.д., профессор; (14.02.03 – коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо, 14.00.27 – хирургия).

2. Бекешова Э. Н. – ОшМУнун медицина факультетинин Ички оорулар проподевтикасы жана факультеттик терапия кафедрасынын башчысы, м.и.к., доцент; (14.02.03 – коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо)

**УГУЛДУ:**

**Төрага:** — Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАК диссертациялык кеңештердин жобосуна ылайык диссертацияны коргоого чейин, илимий темасы бекитилген кафедрада каралып талкууланышы керек. ОшМУнун медицина факультетинин коомдук саламаттыкты сактоо кафедрасынын илим изилдөөчүсү Исраилова Дарыгул Кубанычбековнанын 14.02.03 – коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо адистиги боюнча медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2021-жылдын 2-апрелиндеги чечими менен (протокол №6) "Жалпы үй-бүлөлүк дарыгерлер практикасында терапиялык жардам берүүнү уюштуруудагы көйгөйлүү маселелер (Кыргыз Республикасынын түштүк аймагынын мисалында)" деген темадагы диссертациялык иши келип түшкөн. Илимий жетекчиси: Кыргыз Республикасынын медицина илимдеринин доктору, Шамшиев Абдилатип Абдырахманович.

— Чыгып сүйлөөлөрдүн регламенти айтылды (илим изилдөөчүгө доклад жасоо үчүн 18 минута жана сын-пикирчилер үчүн 10 минутадан убакыт берилет).

— Анкеталык маалыматтарды окуу үчүн катчыга сөз берилет.

**Катчы:** — Исраилова Дарыгул Кубанычбековнанын анкеталык маалыматтары менен тааныштырды (тиркелет).

**Төрага:** — Анкеталык маалыматтар боюнча суроолор барбы? Эгерде суроо жок болсо, сөз изденүүчүгө берилет.

**УГУЛДУ:**

— Д. К. Исраилованын доклады (доклад тиркелет). "Жалпы үй-бүлөлүк дарыгерлер практикасында терапиялык жардам берүүнү уюштуруудагы көйгөйлүү маселелер (Кыргыз Республикасынын түштүк аймагынын мисалында)" деген темадагы диссертациялык иштин максатын, милдеттерин жана негизги жыйынтыктарын баяндап берди.

**Төрага:** — Баяндама аяктады, баяндамачыга суроо берсеңиздер болот.

**СУРОО-ЖООП:**

**Суроо: Айтиева Ш. Д. – коомдук саламаттыкты сактоо кафедрасынын доценти.**
Дарыгул Кубанычбековна, тема абдан кызыктуу, актуалдуу, анткени азыр саламаттыкты сактоо реформасы үй-бүлөлүк медицина багытында жүрүп жатат, баяндама абдан мазмундуу болду.
Менин суроом төмөндөгүдөй:
Үй-бүлөлүк медицина боюнча адистерди даярдоо кандай?

**Исраилова Д. К.:**

— Урматтуу Шарипа Джалаловна! Уруксат берсеңиз суроонузга жооп берейин.

Белгиленген ченемдер боюнча ҮМБда бир штаттык бирдигине 1500-1700 адам каралган. Кыргыз Республикасынын Ош шаарында ички жана тышкы миграциянын эсебинен 500 миңден ашуун адам жашайт. Демек Ош шаарына кеминде 330 дан ашуун үй-бүлөлүк дарыгерлер талап кылынат. Учурда изилденип жаткан Ош шаардык үй-бүлөлүк медицина борборунда 172 үй-бүлөлүк дарыгер эмгектенет. Бирок ал дарыгерлердин арасында жогорку медициналык окуу жайлардын атайын Үй-бүлөлүк медицина факультеттерин бүтүргөн бир дагы адис жок. Баардыгы мурдагы терапевт, педиатр, акушер-гинекологдор түзөт.

**Суроо: Сейдалиева М. К. – коомдук саламаттыкты сактоо кафедрасынын доценти.**
Менин төмөнкү суроомо жооп берсеңиз:

Бир дарыгердин эмгек жүктөмү канча?

**Исраилова Д. К.:**

— Урматтуу Мира Кошмаматовна! Уруксат берсеңиз суроонузга жооп берейин.

Бир үй-бүлөлүк дарыгерлерге бир айда 205 бейтап жүктөмү жүктөлгөн. 1700 бейтап катталган аймактан.

1 жалпы дарыгерге эсептелген бейтаптардын саны ар кайсы өлкөлөрдө болжол менен 800дөн 3000ге чейин өзгөрүлүп турат, бул жергиликтүү шарттарга, көрсөтүлгөн кызматтардын топтомуна, төлөө тутумуна жана башкаларга байланыштуу. Мисалы, Англияда жалпы дарыгер кабыл алган бейтаптардын саны жумасына 25тен 225ке чейин же андан көп, бирок көбүнчө 100-140 адам.

**Суроо: м.и.д., профессор Жолдошев С. Т.**

Ушул сиздин жумушуңузга окшош илимий-изилдөө ишин Кыргызстанда кайсы окумуштуулар изилдөө жасаган, кимдер эмгектенген?

**Исраилова Д. К.:**

— Урматтуу Сапарбай Тезекбаевич! Уруксат берсеңиз суроонузга жооп берейин.

Адабий баянда Бримкулов Н. Н., Касиев Н. К., Каратаев М. М., Маматов С. М., Мукеева С. Т., Бекешова Э. Н. эмгектеринде үй-бүлөлүк медицинадагы көйгөйлөр, алардын чечүү жолдору жөнүндөгү көптөгөн эмгектери каралган. Бирок, жалпы-дарыгерлер практикасындагы терапиялык жардамды уюштуруудагы көйгөйлөр тууралуу эмгек жок.

**Суроо: Туташева А. Т.**

"Манас", "Манас таалими", "Ден соолук" программалардын жыйынтыгын илимий иште колдондуңузбу?

**Исраилова Д. К.:**

— Урматтуу Айнур Токтоматовна! Уруксат берсеңиз суроонузга жооп берейин.

"Манас", "Манас таалими", "Ден соолук" улуттук программалардын негизги максаты бир. 2005-жылы юридикалык жактан медициналык жардам стационардык жана баштапкы медициналык жардам болуп бөлүнгөн. 2005-жылы 85 ҮМБ составында 673 үй-бүлөлүк дарыгерлер топтору (ГСВ) болгон. Саламаттык системасын реформалоодо 1996-2005-жж "Манас" улуттук программасын кабыл алышкан. 2006-2011-жж "Манас таалими" улуттук программасы уландысы катары ишке кирген. 2012-2018-жж "Ден соолук" программасы төрт багытта ишин алып барган: жүрөк-тамыр ооруларын көзөмөлдөө, эне-баланын ден соолугун коргоо, кургак учук жана АИЖВ дарылоону көзөмөлдөө. 2019-2030-жж "Ден соолугу чың адам – өнүккөн өлкө" аталыштагы программа кабыл алынган.

**Суроо: Абдыкаарова А. С.**

Сиздин илимий-ишиңиздин жыйынтыгы эмне менен аяктады?

**Исраилова Д. К.:**

— Уруксат берсеңиз суроонузга жооп берейин.

Үй-бүлөлүк медицинадагы терапиялык жардам көрсөтүүдөгү көйгөйлөрүн чечүүдөгү саламаттык сактоо уюмдарынын ишмердүүлүктөрү каралып, мүнөздөмө берилди; Изилдөө учурунда алынган жыйынтыктарга таянсак оорулууларды баштапкы жолу жана кайталап келген учурда кабыл алууда дары-дармек жазуу жана алар боюнча түшүндүрмө берүүдө дарыгерлер тарабынан жетишээрлик деңгээлде жумуш жасалган эмес. Өзгөчө бул көрсөткүчтөр терапевттерде төмөн деңгээлде болгон. Кыргызстандагы 2017-2023 жылдардагы үй-бүлөлүк медицинадагы терапиялык жардамдын өзгөчөлүктөрү такталды;

**Суроо: Алдашукуров Ы. А. – медицина илимдеринин кандидаты.**

Илимий ишиңиздин практикалык маанилүүлүгү эмнеде?

**Исраилова Д. К.:**

— Урматтуу Ырысбек Абдыжапарович! Уруксат берсеңиз суроонузга жооп берейин. Үй-бүлөлүк медицинадагы терапиялык кызматты оптималдаштыруу боюнча уюштуруучулук-технологиялык ыкмалар «Үй-бүлөлүк медицинада терапиялык жардамдын сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатуу» аттуу методикалык колдонмодо баяндалган.

Дарыгерлердин эмгек убактысын рационалдуу пайдалануу үчүн уюштуруучулук-технологиялык иш-чараларды, дарыгерлердин ишинин сапатына эксперттик баа берүү ыкмаларын камтыган «Хронокарталар» иштелип чыгып, үй-бүлөлүк медицина борборлорунда практикага киргизилген.

**Төрага:** — Дагы кимде кандай суроо бар? Суроо жок болсо сын пикирчилерге сөз берилет.

**СЫН ПИКИРЛЕР:**

**Медицина илимдеринин доктору Р. Р. Маметовдун** сын-пикири угулду (сын-пикир тиркелет).

**М.и.д., профессор Маметов Р. Р.:** — Диссертациялык иш актуалдуу. Айрым диаграммалардын стилин өзгөртүп тастыктоочу белгилерди коюу зарыл. Көрсөтүлгөн кемчиликтер принципиалдуу мүнөзгө ээ эмес жана диссертацияны коргоого даярдоодо оңдоого болот.

**Медицина илимдеринин кандидаты, доцент Э. Н. Бекешованын** сын-пикири угулду – (сын-пикир тиркелет).

**М.и.к., доцент Бекешова Э. Н.:** — Адабий баянда үй-бүлөлүк медицина көбүрөөк орунду ээлеп калган, айрым баптарды терапиялык кызматтар боюнча алмашуу сунушталат. Ошол себептен үчүнчү жана төртүнчү милдеттерди бириктирүү зарыл. Айрым тексттерде орфографиялык жана грамматикалык каталар кетирилген, алар сөзсүз оңдоого жатат.

**КОРУТУНДУ**

Исраилова Дарыгул Кубанычбековнанын 14.02.03 – коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо адистиги боюнча медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн "Жалпы үй-бүлөлүк дарыгерлер практикасында терапиялык жардам берүүнү уюштуруудагы көйгөйлүү маселелер (Кыргыз Республикасынын түштүк аймагынын мисалында)" аталышындагы диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын "Окумуштуу даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндө" жобонун талаптарына жооп берген актуалдуу тема, илимий жаңылыкты камтыган жана практикалык мааниге ээ, аяктаган өз алдынча иш болуп саналат.

**Жооп берди: Д. К. Исраилова.**

— Мен Равшан Райымбердиевичтин жасаган эмгеги үчүн чын дилден терең ыраазычылык билдирип кетем жана Сиз көрсөткөн кемчиликтерди коргоого чейин толугу менен жоёбуз.

**Медицина илимдеринин кандидаты, доцент Ф. Ф. Муйдиновдун** сын пикири угулду (сын пикир тиркелет).

Грамматикалык жана стилистикалык каталарга жол берилген. Сын пикирчи тарабынан көрсөтүлгөн кемчиликтер принципиалдуу мүнөзгө ээ эмес.

**КОРУТУНДУ**

Исраилова Дарыгул Кубанычбековнанын 14.02.03 – коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо адистиги боюнча медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн "Жалпы үй-бүлөлүк дарыгерлер практикасында терапиялык жардам берүүнү уюштуруудагы көйгөйлүү маселелер (Кыргыз Республикасынын түштүк аймагынын мисалында)" аталышындагы диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Президентине

караштуу УАКтын "Окумуштуу даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндө" жобонун талаптарына жооп берет.

**Жооп берди: Д. К. Исраилова.**

— Рахмат, ыраазычылык билдиребиз жана Сиз көрсөткөн кемчиликтерди коргоого чейин жоёбуз.

**Илимий жетекчи Шамшиев Абдилатип Абдырахмановичтин сын пикири (сын-пикир тиркелет).**

**ТАЛКУУЛОО:**

**Талкууга катышкандар:** Маметов Равшан Райимбердиевич, Муратов Абдижалил Абдыразакович, Жолдошев Сапарбай Тезекбаевич, Истамов Кылычбек Төлөгөнович.

Талкуу учурунда төмөндөгүлөр белгиленди:

Үй-бүлөлүк дарыгерлердин ишмердүүлүгүнүн түрдүү аспектилерин изилдөөгө чет өлкөлөрдө жана Кыргызстанда бир катар эмгектер арналган (Р. С. Гаджиев, 2005; А. А. Калининская, О. П. Королев, 2008; Мукеева С. Т., Н. Н. Бримкулов, 2018; Жапаров К. А. 2015; Каратаев М. М., Бекешова Э. Н. 2020; Султаналиева Р. Б., Абылова Н. 2024).

Бирок, бүгүнкү күнгө чейин амбулатордук деңгээлдеги калкка баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүү системасындагы терапиялык жардамдын көлөмү, технологиясы, сапатына таасир этүүчү факторлор, терапиялык жардамды баалоо критерийлери иштелип чыккан эмес.

Жогоруда айтылган көйгөйлөр БМСЖдагы терапиялык кызматты комплекстүү изилдөөнүн зарылдыгын аныктады жана ошонун негизинде Ош областынын мисалында терапиялык жардамды уюштуруунун артыкчылыктуу багыттарын аныктоого негиз болду.

**Изилдөөнүн максаты:**

Баштапкы медициналык-санитардык жардамдын сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган терапиялык кызматты оптималдаштырууну илимий-методикалык негиздөө.

**Изилдөөнүн максатына жетүү үчүн төмөнкү милдеттер коюлат:**

1. Кыргыз Республикасынын Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарында амбулатордук деңгээлдеги оорулардын негизги кластарынын динамикасын изилдөө.

2. Амбулатордук-поликлиникалык жардамдын көлөмүн, мүнөзүн жана уюштуруу өзгөчөлүктөрүн изилдөө аркылуу үй-бүлөлүк медицинагы дарыгерлердин ишинин натыйжалуулугун баалоо.

3. Жалпы дарыгерлер практикалык борборунда бейтаптарды амбулатордук кабыл алуу, ооруларды алдын алуу иштеринин уюштурулушун комплекстүү изилдөө.

4. Баштапкы медициналык-санитардык жардамдын (БМСЖ) деңгээлинде мониторлук оорулууларды диагноз коюу жана дарылоо сапатын жогорулатууга багытталган терапиялык жардамдын уюштуруу-технологиялык ыкмаларын иштеп чыгуу, аларды практикалык медицинага киргизүү жана натыйжалуулугун баалоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы**

1. Биринчи жолу социалдык-инфраструктуралык факторлорду эске алуу менен Кыргызстандын түштүк аймагында (Ош, Жалал-Абад, Баткен) оорулардын негизги класстарынын динамикасынын аймактык өзгөчөлүгү аныкталды. Аталган маалыматка ылайык, жүрөк-кан тамыр системасынын, заара-жыныс системасынын жана дем алуу органдарынын оорулары алгачкы орунда калууда, бирок алардын көрсөткүчтөрү COVID-19 пандемиясы (2020–2021-жылдары) менен байланышкан олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон, ал эми 2023-жылга карата абал турукташа баштаган.

2. Алгачкы жолу үй-бүлөлүк медицинадагы дарыгерлердин бейтаптарга амбулатордук жардам көрсөтүүнү уюштуруунун өзгөчөлүгү аныкталды.

Биринчи жолу терапиялык оорулууларды кабыл алууда (даттанууларды угуу, симптомдорду, оорулардын себептерин талдоо) жалпы практикалык дарыгерлерге (баштапкы

адистиги педиатрлар, акушер-гинекологдор ж.б.) салыштырмалуу үй-бүлөлүк дарыгерлерде (баштапкы адистиги терапевттер) бейтаптарды кабыл алуунун сапаты жогору экендиги тастыкталды.

3. Терапиялык бейтаптарды амбулатордук кабыл алуудагы дарыгерлердин иштөө технологиясын (максаттуу анамнезди, тереңдетилген физикалык текшерүү жана сурамжылоо, ар бир оорулууга анын дарылоосуна, диетасына карата сунуштар) ишке киргизүү терапиялык жардамдын сапатын жогорулатууга мүмкүндүк берди.

4. Үй-бүлөлүк медицинадагы терапиялык кызматты оптималдаштыруу боюнча технологияларды жергиликтүү шарттарга ылайыкташтыруу жана билим берүү программаларын күчөтүүнү камтыган, практикага багытталган сунуштар иштелип чыкты. Баштапкы медициналык-санитардык жардамдагы (БМСЖ) терапиялык кызмат көрсөтүүнүн жаңы уюштуруучулук жана технологиялык ыкмалары иштелип чыкты жана сыноодон өткөрүлдү.

**Илимий-иштин практикалык мааниси.**

Изилдөөнүн натыйжалары Ош облусунун Ноокат, Жалалабад облусунун Сузак, райондорунун үй-бүлөлүк медицина борборуна, Ош шаардык үй-бүлөлүк медицина борборунда практикага киргизилди. Теориялык материалдары Ош мамлекеттик университетинин медицина факультетинин коомдук саламаттыкты сактоо кафедрасында "Коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо" сабагын өтүүдө колдонулуп келет.

**Төраганын жыйынтык сөзү:** — Анда эмесе төрагалык кылуучу катары резюме жасоого уруксат берсеңиздер. Албетте, тема биздин өлкө үчүн актуалдуу. Изилдөө көп сандагы материалдар менен жүргүзүлгөн. Изденүүчү диссертациянын үстүнөн өзү иштеген, амбулатордук шартта терапиялык жардамдын натыйжалуулугун жогорулатууда актуалдуулугун көрсөттү.

1. Исраилова Дарыгул Кубанычбековнанын 14.02.03 – коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо адистиги боюнча медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн "Жалпы үй-бүлөлүк дарыгерлер практикасында терапиялык жардам берүүнү уюштуруудагы көйгөйлүү маселелер (Кыргыз Республикасынын түштүк аймагынын мисалында)" деген темада диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын "Окумуштуу даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндө" жобонун талаптарына жооп берген актуалдуу тема, илимий жаңылыкты камтыган жана практикалык мааниге ээ, аяктаган өз алдынча иш болуп саналат. Комиссия изденүүчүнүн материалдарын карап чыгып төмөндөгүдөй корутунду чыгарды: Материалдын көлөмү коюлган милдеттерге толук дал келет. Чогултулган материалдар тастыктоочу маалыматтарды алууга толук мүмкүндүк берет. Автор тарабынан чыгарылган тыянактар негиздүү. Бул ишти, ийгилик каалоо менен коргоонун кийинки этаптарына сунуш кылалы. Анда эмесе добушка коем.

**Добуш берүү:**

| "Макул" | "Каршы" | "Калыс" |
|---|---|---|
| 21 | жок | жок |

— Бир добуштан кабыл алынды. Рахмат.

2. Изденүүчү Исраилова Дарыгул Кубанычбековнанын медицина илимдеринин 14.02.03 – коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо адистиги боюнча кандидаттык экзамендин кошумча программасын бекитүү үчүн добушка коем.

**Добуш берүү:**

| "Макул" | "Каршы" | "Калыс" |
|---|---|---|
| 21 | жок | жок |

— Бир добуштан кабыл алынды. Рахмат.

ОшМУнун медицина факультетинин коомдук саламаттыкты сактоо кафедрасынын аспиранты Исраилова Дарыгул Кубанычбековнанын 14.02.03 – коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо адистиги боюнча "Жалпы үй-бүлөлүк дарыгерлер практикасында терапиялык жардам берүүнү уюштуруудагы көйгөйлүү маселелер (Кыргыз Республикасынын түштүк аймагынын мисалында)" темадагы диссертациясын угуп жана талкуулап чыгып төмөндөгүдөй чечим чыгарды.

**ЧЕЧИМ:**

**1. Исраилова Дарыгул Кубанычбековнанын "Жалпы үй-бүлөлүк дарыгерлер практикасында терапиялык жардам берүүнү уюштуруудагы көйгөйлүү маселелер (Кыргыз Республикасынын түштүк аймагынын мисалында)" деген темадагы диссертациялык иши – актуалдуу, заманбап методикалык деңгээлде аткарылган, илимий жаңылыкка жана практикалык мааниге ээ болгон толук кандуу өз алдынча илимий эмгек болуп саналат. Бул иш Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы УАКтын "Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндө" жобонун талаптарына жооп берет.**

**2. Исраилова Дарыгул Кубанычбековнанын 14.02.03 – коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо адистиги боюнча медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган "Жалпы үй-бүлөлүк дарыгерлер практикасында терапиялык жардам берүүнү уюштуруудагы көйгөйлүү маселелер (Кыргыз Республикасынын түштүк аймагынын мисалында)" деген темадагы диссертациялык иши андан аркы кароого диссертациялык кеңешке сунушталсын.**

**3. Исраилова Дарыгул Кубанычбековнанын 14.02.03 – коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо адистиги боюнча медицина илимдер кандидаты илимий даражасын алуу үчүн сунушталган "Жалпы үй-бүлөлүк дарыгерлер практикасында терапиялык жардам берүүнү уюштуруудагы көйгөйлүү маселелер (Кыргыз Республикасынын түштүк аймагынын мисалында)" тема боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн кошумча программасы бекитилсин.**

**ТӨРАГА:**
**ОшМУнун медицина факультетинин**
**жалпы хирургия**
**кафедрасынын башчысы,**
**м.и.д., профессор** **Муратов А. А.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

**КАТЧЫ:**
**ОшМУнун медицина факультетинин**
**коомдук саламаттыкты сактоо**
**кафедрасынын улук окутуучусу** **Аринбаев Б. С.**

***18-июнь 2024-жыл.***

Ош МУ
Тастыктаймын
2025 ж. « 18 » июнь
Кадрлар бөлүмүнүн
башчысы Турдубаева Г.